**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

____________________№____________ Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттикте коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө

Коррупциянын келип чыгуу тобокелдигин төмөндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу” 2023-жылдын 31-майындагы № 293 токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттикте (мындан ары – Агенттик) коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги (мындан ары – Тизмек) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана аймактык башкармалыктарынын жетекчилери Тизмекке ылайык туруктуу негизде төмөнкү иштерди жүргүзүшсүн:
– бар болгон коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу боюнча;
– коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон функциялар менен байланышкан кызматкерлердин коррупцияга каршы укуктук аң-сезимин жогорулатуу боюнча.
3. Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү Агенттиктин кызматкерлерин ушул буйрук менен тааныштырсын, ошондой

эле ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде анын Агенттиктин веб-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын.

4. Агенттиктин кадр саясаты башкармалыгынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде аны маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн, ал эми күчүнө кирген күндөн тартып жети жумуш күнүнүн ичинде ушул буйруктун электрондук түрүн электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу Укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкына киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүүнү камсыз кылсын.

5. Агенттиктин “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө” 2025-жылдын 11-январындагы № 01-25/3 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Директор** **Э.Н. Джантаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-23/227, 12.08.2026

Кол койгон: Джантаев Э.Н.

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин
20___-жылдын «___» ______________
№ _______ буйругу

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттикте коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын ТИЗМЕГИ

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Функциянын түрү: мониторинг, баалоо жана жарандардын кайрылуулары** | | | | | | | |
| 1 | Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүү, мамлекеттик органдары жана ЖӨБ органдарын текшерүү | – текшерүүлөрдү пландаштыруу этабында – «керектүү» органды текшерүүлөрдүн планына киргизбөө же текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгүн жеке кызыкчылыкка жараша аныктоо; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Мониторинг жана мыйзамдуулукту контролдоо бөлүмү; региондор аралык башкармалыктар | Бөлүм башчысы, бөлүмдүн кызматкерлери, текшерүү үчүн жооптуу кызматкерлер | Мониторинг жүргүзгөн бардык органдарга мүнөздүү |
| | | – текшерүү жүрүшүндө – аныкталган бузуулардын толук эмес катталышы, сыйакы үчүн актыда алардын квалификациясын же көлөмүн бурмалоо; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |
| | | – натыйжаларды ишке ашыруу этабында – аныкталган бузуулар боюнча чара көрбөө, көрсөтмөлөрдү киргизүүнү создуктуруу; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |
| | | – текшерилүүчү кызмат адамдары менен формалдуу эмес мамилелерди түзүү. | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат оруундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Аймактар аралык башкармалыктарда компьютердик тестирлөөнү өткөрүү тартибине мониторинг жүргүзүү | – мониторингдин көлөмүн аныктоодо – башкармалыктарды тандалма (бир калыпта эмес) камтуу, айрым башкармалыктарды алардын кызматкерлеринин кызыкчылыгында текшерүүдөн чыгаруу; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Тестирлөө бөлүмү; аймактар аралык башкармалыктар | Бөлүм башчысы, мониторинг үчүн жоопту кызматкерлер | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | | – тестирлөө жол-жобосунун бузуулары аныкталганда – бузууларды жашыруу же толук эмес чагылдыруу, аларды жоюу боюнча чара көрбөө; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| | | – мониторингдин натыйжаларын ведомстволук башкармалыктарга басым көрсөтүү куралы катары пайдалануу. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| 3 | Мамлекеттик органдардын аппарат жетекчилеринин ишине баа берүү | – баа берүү этабында – жеке мамилелерге жараша объективдүү критерийлерден тышкары баалоо көрсөткүчтөрүн жогорулатуу же төмөндөтүү; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Мониторинг жана мыйзамдуулукту контролдоо бөлүмү; Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү | Бөлүм башчылары, бөлүмдөрдүн кызматкерлери | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | | – баа берүүнүн натыйжаларын айрым жетекчилерге басым көрсөтүү же артыкчылык берүү үчүн пайдалануу; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| | | – кызыкчылыктардын кагылышуусу шартында чечим кабыл алуу. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| 4 | Кайрылууларды, арыздарды жана даттанууларды кароо; консультациялык-методикалык жардам көрсөтүү | – кароо этабында – объективдүү эмес кароо же мөөнөттөрдү создуктуруу, айрым кайрылууларды кезексиз кароо; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Талдоо, пландардын аткарылышын контролдоо жана документтик камсыздоо бөлүмү; Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрү | Бөлүм башчылары, кызматкерлер | Бардык мамлекеттик органдарга мүнөздүү |
| | | – айрым адамдардын кызыкчылыгында толук эмес (чындыкка дал келбеген) консультацияларды берүү; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| | | – кайрылууларда камтылган маалыматтардын купуялуулугун бузуу. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекемenin) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Терс негиздер боюнча бошотулган адамдардын реестрин жүргүзүү | – маалыматтарды киргизүүдө – чындыкка дал келбеген же өз убагында эмес маалыматтарды киргизүү; айрым адамдардын кызыкчылыгында, анын ичинде терс негиздер боюнча бошотулган адамдардын реестринен, жазууларды киргизүү (чыгаруу); | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Мониторинг жана мыйзамдуулукту контролдоо бөлүмү | Бөлүм башчылары, башкы жана жетектөөчү адистер | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | Мамлекетке, материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын маалымат базалары | – жеке жана башка корголуучу маалыматтардын купуялуулугун бузуу. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| **Функциянын түрү: ченем жаратуу иш-аракети** | | | | | | | |
| 6 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жана ЖӨБ чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу | – долбоорду иштеп чыгуу этабында – негизсиз кеңири дискрециялык ыйгарым укуктарды, баалоочу же аныкталбаган туюндурмаларды камтыган ченемдерди киргизүү; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү; Укуктук камсыздоо бөлүмү | Бөлүм башчылары, долбоорду иштеп чыгуучу кызматкерлер | Ченем жаратууну жүзөгө ашырган бардык мамлекеттик органдарга жайылтылат |
| | | – долбоорго айрым адамдардын же топтордун кызыкчылыгында өзгөчөлүктөрдү жана артыкчылыктарды киргизүү; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| | | – кызыкдар адамдардын таасири астында долбоордун жоболорун лоббирлөө. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| 7 | Агенттиктин компетенциясынын алкагында ченемдик | – экспертиза этабында – экспертизаны формалдуу жүргүзүү; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Укуктук камсыздоо бөлүмү; Укуктук экспертиза сектору | Бөлүм (сектор) башчысы, эксперттер | Бардык мамлекеттик органдарга |

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | укуктук актылардын долбоорлоруна укуктук экспертиза жүргүзүү | – иштеп чыгуучунун кызыкчылыгында атайылап эскертүү жазбоо; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | жайылтылат |
| 8 | Административдик кызмат орундарына квалификациялык талаптарды макулдашуу | – макулдашуу этабында – квалификациялык талаптарды «белгилүү бир талапкерге ылайыктап» (ашкере тар же ашыкча жогору) макулдашуу; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү | Бөлүм башчысы, кызматкерлер | Бардык мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына жайылтылат |
| | | – белгилүү бир адамды дайындоону жеңилдетүү үчүн талаптарды негизсиз төмөндөтүү. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | | | |
| 9 | Административдик-аймактык түзүлүш маселелери, географиялык аталыштарды тартипке келтирүү; кайра атоо боюнча ВАКтын чечимдеринин долбоорлорун даярдоо | – АТБ эсебин жүргүзүүдө – административдик-аймактык бирдиктердин маалымат базасына чындыкка дал келбеген маалыматтарды киргизүү. | Кырдаалдык | Төмөн | Административдик-аймактык түзүлүш маселелери боюнча бөлүмү | Бөлүм башчысы, кызматкерлер | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| **Функциянын түрү: кызмат көрсөтүү** | | | | | | | |
| 10 | Административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрлар резервине талапкерлердин компьютердик тестирлөөсүн уюштуруу жана өткөрүү | – тестирлөөгө киргизүү этабында – талапкерлерди кезексиз же белгиленген талаптарды айланып өтүү менен каттоо жана киргизүү; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Тестирлөө бөлүмү; Санариптик өнүктүрүү башкармалыгы; аймактар аралык башкармалыктар | Бөлүм башчылары, тестирлөө үчүн жооптуу кызматкерлер, маалымат системаларынын администраторлору | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | | – тестирлөө жүрүшүндө – талапкерге суроолорго (жоопторго) жетүү мүмкүнчүлүгүн берүү, тест тапшырууда жардам көрсөтүү, маалымат системасынын ишине кийлигишүү; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |
| | | – натыйжаларды тариздөө этабында – жыйынтык баллды бурмалоо (ондоо), протоколдо натыйжаларды алмаштыруу; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 01-23/227, 12.08.2026
Кол койгон: Джантаев Э.Н.

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | – кызматкерлердин тестирлөөгө катышуучулар менен түздөн-түз формалдуу эмес байланышы. | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |
| 11 | Тесттик тапшырмалардын базасын иштеп чыгуу, жүргүзүү жана модернизациялоо | – базаны түзүүдө жана жаңыртууда – белгилүү бир талапкерге алдын ала берилген тапшырмаларды киргизүү; тапшырмалардын жана жоопторунун мазмунун сыйакы үчүн кызыкдар адамдарга берүү; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Тестирлөө бөлүмү; Санариптик өнүктүрүү башкармалыгы | Бөлүм башчысы, тапшырмаларды иштеп чыгуучулар, базанын администраторлору | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | | – базага жетүү мүмкүнчүлүгү бар адамдардын негизсиз кеңири чөйрөсү жана аны менен жасалган аракеттердин катталбашы. | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |
| 12 | Кадрлар резервин түзүү жана жүргүзүү; ачык конкурстук тандоону уюштуруу; кадрлар резервинин маалымат базасын жүргүзүү | – конкурстук тандоо этабында – талапкерлерге объективдүү эмес баа берүү, айрым талапкерлерге артыкчылык түзүү; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Кадрлар резервдерин түзүү бөлүмү; Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү; аймактар аралык башкармалыктар | Бөлүм башчылары, кызматкерлер, конкурстук комиссиялардын мүчөлөрү | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | | – резервге киргизүүдө – адамдарды конкурстан тышкары же квалификациялык талаптарга ылайык келбестен киргизүү; | Потенциалдуу | Төмөн | | | |
| | | – резервдин базасын жүргүзүүдө – чындыкка дал келбеген маалыматтарды киргизүү, айрым адамдардын кызыкчылыгында жазууларды киргизүү (чыгаруу), резервге жетүү мүмкүнчүлүгүнүн ачык-айкын эместиги. | Кырдаалдык | Төмөн | | | |
| **Функциянын түрү: персоналды башкаруу** | | | | | | | |

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | Агенттиктин кызматкерлерине карата класстык чендерди ыйгаруу, төмөндөтүү жана алардан ажыратуу | – чечимдерди даярдоо этабында – жеке мамилелерге жараша белгиленген негиздерден жана мөөнөттөрдөн тышкары класстык ченди негизсиз ыйгаруу (төмөндөтүү, андан ажыратуу); | Потенциалдуу | Төмөн | Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү | Бөлүм башчысы, жооптуу кызматкерлер | Бардык мамлекеттик органдарга мүнөздүү |
| | | – кызыкчылыктардын кагылышуусу шартында чечим кабыл алуу. | Потенциалдуу | Төмөн | | | |
| 14 | Саясий мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга класстык чендерди жана социалдык статустарды ыйгаруу | – сунуштарды (чечимдерди) даярдоо этабында – белгиленген негиздерден тышкары класстык ченди (социалдык статусту) негизсиз ыйгаруу; | Потенциалдуу | Төмөн | Уюштуруу иштери бөлүмү | Бөлүм башчысы, кызматкерлер | Агенттиктин ишине тиешелүү |
| | | – айрым адамдардын кызыкчылыгында жол-жобону тездетүү же создуктуруу. | Потенциалдуу | Төмөн | | | |
| 15 | Ведомстволук жана мамлекеттик сыйлыктар боюнча иштерди уюштуруу | – сыйлыкка тандоо этабында – белгиленген критерийлерден жана эмгек сиңирүүлөрдөн тышкары айрым адамдарды сыйлыкка илгерилетүү; | Потенциалдуу | Төмөн | Уюштуруу иштери бөлүмү; сыйлык комиссиясы | Бөлүм башчысы, сыйлык комиссиясынын мүчөлөрү | Мамлекеттик органдар (ведомстволук сыйлыктар бөлүгүндө) |
| | | – сыйлык комиссиясынын кызыкчылыктардын кагылышуусу шартында чечим кабыл алуусу. | Потенциалдуу | Төмөн | | | |
| 16 | Кызматчыларды окутууну уюштуруу | – кызматчыларды окутууга жиберүү үчүн объективдүү эмес тандоо. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Окутуу жана эл аралык кызматташтык бөлүмү; Окутууну координациялоо сектору | Бөлүм башчысы, кызматкерлер | Мамлекеттик органдар, ЖӨБ органдары |
| 17 | Чет өлкөдө окууга талапкерлерди тандоо | – талапкерлерди тандоо этабында – ачык-айкын критерийлерден тышкары айрым адамдардын кызыкчылыгында чет өлкөдө окууга (такшалмага) объективдүү эмес тандоо; | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Окутуу жана эл аралык кызматташтык бөлүмү | Бөлүм башчысы, кызматкерлер | Мамлекеттик органдар |

№ 01-23/227, 12.08.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Джантаев Э.Н.

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | Кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү | – териштирүү жүргүзүү этабында – текшерилүүчүнүн же арыз ээсинин кызыкчылыгында далилдерди объективдүү эмес (бир жактуу) чогултуу; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Кызматтык териштирүү боюнча комиссия; | Комиссиялардын мүчөлөрү | Бардык мамлекеттик органдарга мүнөздүү |
| | Этика боюнча комиссиялардын иши | – жаза чарасы жөнүндө сунуштарды иштеп чыгуу этабында – жоруктун оордугун төмөндөтүү, сыйакы үчүн жеңилирээк жаза чарасын сунуштоо; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Этика боюнча комиссия | | |
| | «Ишеним телефонунун» ишин камсыз кылуу | – «ишеним телефонунун» кабарларын иштетүүдө – кабарларды көңүлгө албоо же жашыруу, арыз ээси жөнүндө маалыматтарды жайылтуу. | Системалуу (реалдуу) | Орточо | Мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат бөлүмү | «ишеним телефону» үчүн жооптуулар | |
| **Функциянын түрү: финансылык ресурстарды бөлүштүрүү жана пайдалануу** | | | | | | | |
| 19 | Агенттиктин чыгашаларынын сметасын түзүү жана аткаруу; бухгалтердик эсепти жүргүзүү | – сметаны түзүү (аткаруу) этабында – чыгашаларды негизсиз пландаштыруу жана кайра бөлүштүрүү; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү | Бөлүм башчысы, башкы бухгалтер, кызматкерлер | Бардык мамлекеттик органдарга мүнөздүү |
| | | – бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө – эсеп маалыматтарын бурмалоо, каржы жана бухгалтердик эсеп жөнүндө мыйзамдарды бузуу белгилери бар операцияларды тариздөө, каражаттарды максатсыз пайдалануу. | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |
| **Функциянын түрү: мамлекеттик муктаждыктар үчүн сатып алуулар** | | | | | | | |
| 20 | Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууну уюштуруу жана өткөрүү | – сатып алуу документтерин даярдоо этабында – техникалык талаптарды «белгилүү бир жеткирүүчүгө ылайыктап» түзүү; | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү; аймактык башкармалыктар | Бөлүм башчысы, тендердик (конкурстук) комиссиянын мүчөлөрү | Мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырган бардык мамлекеттик органдарга мүнөздүү |
| | | – сатып алууну өткөрүү этабында – сатып алуу маалыматынын купуялуулугун бузуу, | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы (системалуу (реалдуу) / потенциалдуу / кырдаалдык) | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн / орточо / жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) | Коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон кызмат орундары | Коррупциялык тобокелдиктин башка мамлекеттик органдарда / ЖӨБ органдарында пайда болуу ыктымалдыгы (болгон учурда көрсөтүлсүн) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сатып алуулар жөнүндө толук эмес маалымат берүү; | | | | | |
| | | – келишимди аткаруу этабында – иш жүзүндө жеткирилбеген (сапатсыз) товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу, келишимдин шарттарын негизсиз өзгөртүү. | Системалуу (реалдуу) | Жогорку | | | |

Кыскартуулар:
АТБ - административдик-аймактык бирдик
ЖӨБ – жергиликтүү өз алдынча башкаруу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 01-23/227, 12.08.2026
Кол койгон: Джантаев Э.Н.

**“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттикте коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин буйругунун долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максат жана милдет**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттикте коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө” буйругунун ушул долбоору Агенттиктин ишинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдигин төмөндөтүү, ошондой эле ага жүктөлгөн функцияларды жүзөгө ашырууга байланышкан коррупциялык тобокелдиктерди системалуу түрдө аныктоону, баалоону жана азайтууну камсыз кылуу максатында иштелип чыкты.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана азайтуу мамлекеттик органдардын коррупциянын алдын алуу боюнча ишинин негизги багыттарынын бири болуп саналат. Ушул максатта мамлекеттик органдар өздөрүнө жүктөлгөн функцияларды (ыйгарым укуктарды) ишке ашырууда коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурларды жана кырдаалдарды аныктайт жана тиешелүү тизмектерди бекитишет.

Буйруктун долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобого жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу” 2023-жылдын 31-майындагы № 293 токтомуна ылайык иштелип чыкты.

Мамлекеттик агенттикте коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги мурда Агенттиктин 2025-жылдын 11-январындагы № 01-25/3 буйругу менен бекитилген.

Аталган буйрукту колдонуу практикасы, Агенттиктин түзүмүндөгү өзгөрүүлөр жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн ортосунда функциялардын кайра бөлүштүрүлүшү, ошондой эле жүргүзүлгөн коррупциялык тобокелдиктерди баалоонун натыйжалары мурда бекитилген тизмекти актуалдаштыруу жана ирилештирүү зарылдыгын шарттады.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Буйруктун долбоору менен Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана аймактык башкармалыктарынын жетекчилерине бар коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана коррупциялык тобокелдикке дуушар болгон функциялар менен байланышкан кызматкерлердин коррупцияга каршы укуктук аң-сезимин жогорулатуу боюнча иштерди туруктуу негизде жүргүзүү милдети жүктөлөт.

Ошол эле учурда буйруктун долбоорунда тизмек жаңы редакцияда бекитилгендигине байланыштуу Агенттиктин 2025-жылдын 11-январындагы № 01-25/3 буйругу күчүн жоготту деп таануу каралган.

Буйруктун долбоорун кабыл алуу коррупциялык тобокелдиктерди аныктоого, баалоого жана азайтууга бирдиктүү жана системалуу мамилени камсыз кылат, кабыл алынуучу коррупцияга каршы чаралардын натыйжалуулугун жогорулатат жана Агенттиктин ишинде коррупциянын алдын алууга көмөк көрсөтөт.

Буйруктун долбоору 16 министрликке жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына макулдашууга жөнөтүлгөн.

Макулдашуунун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын эскертүүлөрү эске алынган.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Буйруктун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык кесепеттерге алып келбейт. Өзүнүн мазмуну боюнча буйруктун долбоору Агенттиктин ишинде коррупциялык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө жана коррупциянын алдын алууга багытталган.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Буйруктун долбоору ведомстволук мүнөзгө ээ, Агенттиктин ишин уюштуруу маселелерин жөнгө салат жана жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгобойт, ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштыруу аркылуу коомдук талкууга жатпайт.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Буйруктун долбоору Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Буйруктун долбоору ишкердик ишти жөнгө салууга багытталбагандыгына байланыштуу, жөнгө салуучулук таасирин талдоо жүргүзүү талап кылынбайт.

**Директор** **Э.Н. Джантаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК
КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ
ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ
БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК
АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ
СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_____________________№____________ Бишкек ш.

**Об утверждении перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Государственном агентстве по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

В целях снижения риска возникновения коррупции, в соответствии с Положением о порядке реализации делегированных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года № 115, постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе» от 31 мая 2023 года № 293, **приказываю:**

1. Утвердить Перечень случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции (далее – Перечень) в Государственном агентстве по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Агентство) согласно приложению.

2. Руководителям структурных подразделений и территориальных управлений Агентства в соответствии с перечнем на постоянной основе осуществлять работу:

- по снижению имеющихся коррупционных рисков;
- по повышению антикоррупционного правосознания работников, деятельность которых связана с функциями, подверженными коррупционному риску.

3. Отделу кадрового, финансового и административного обеспечения ознакомить сотрудников Агентства с настоящим приказом, а также в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его опубликование на веб-сайте Агентства.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

